# Ак тилек

Сөзү Байбугуева Күлбүбү

Обону Мавлянов Мамарасул

Көкөлөп байрагыбыз,

Көп болуп майрамыбыз,

Бакытка толуп турсун

Ала Тоо аймагыбыз.

Эгемен Мекен болуп,

Элибиз эсен болуп,

Кыргызым, жай турмушта

Жашайлычы!

Болбоско кейибестен,

Бүтүндөн кемибестен,

Чайпалып төгүлбөстөн,

Чачырап бөлүнбөстөн,

Кадырды тепсебестен,

Өткөндү кектебестен,

Кыргызым, жай турмушта

Жашайлычы!!!

Ар иште калыс болуп,

Арамдан алыс болуп,

Алгалап кадамыбыз,

көөдөнгө намыс толуп.

Жаркырап жылдызыбыз,

Жакшырып турмушубуз,

Кыргызым, жай турмушта

Жашайлычы.

Бакытты бирге жандап,

ырыскы кутту кармап,

Биригип ажырабай, эмгекти элге арнап,

Ар иште шар бололу,

Ар дайым бар бололу.

Кыргызым, ынтымакта

Бир бололу!

Кыргызым, жай турмушта бар бололу!